| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**<br>**XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**<br>**КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ВНЕОЧЕРЕДНАЯ IV СЕССИЯ**<br>**XXVIII СОЗЫВА** |

# ТОКТОМ

2023-жылдын «02» октябрь. № 37 Тамга айылы

## Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын № 116* контурундагы жер тилкеси жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил багын берүү жөнүндө» № 640 Токтомунун негизинде, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 19-январындагы корутундусунун негизинде, Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкеси «Спорттук комплекс» куруу үчүн бөлүнүп берилүүсү белгиленген. Айыл аймагындагы тургундардын наразычылыгын эске алуу менен жана аталган «Спорттук комплекстин» курулуш аянты 35,0 га жер тилкесине максатталгандыгын эске алуу менен Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил багын берүү жөнүндө» №640 Токтомунун негизинде, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 19-январындагы корутундусунун негизинде Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкесинин ичинен 35,0 га жер тилкеси «Спорттук комплекс куруу» үчүн бөлүнүп берилсин. Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкесинин калган 37,2 га жер тилкеси Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине бекитилип берилсин.
2. "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коомуна Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы 72,2 га жер тилкесинин ичинен 35,0 га жер тилкеси ***үчүнчү тараптарга бөлүнбөстөн жана сатылбастан,*** мамлекеттик менчик катары 49 (кырк тогуз) жылга ижарага бөлүнүп берилсин.

3. Бөлүнүп берилген 35,0 га жер тилкеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №640 Токтомунун 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй акысыз жана кайтарымсыз берилбестен, тиешелүү мамлекеттик төлөмдөрү, ижара акысы Мыйзам чегинде белгиленип, Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүсү суралсын. Мындан сырткары, Тамга айыл аймагына атайын белгилүү өлчөмдө «социалдык пакет» каралуусу белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №640 Токтомунун 2-пунктунда белгиленген Ысык-Көлдүн суусу бүткөн жерден туурасы 100 метрге чейинки сейил бак-пляждык зонаны Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы 7 (жети) чакырым жер тилкесинин ордуна "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коому менен макулдашуунун негизинде 4 (төрт) чакырым жер тилкеси 49 (кырк тогуз) жылдык ижарага «вело жана жөө жүрүүчүлөргө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн» бөлүнүп берилүүсү белгиленсин.

5. Ушул токтомду бекитип берүү, кабыл алынган чечимдерге ылайык Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгынан «Спорттук комплекс куруу» үчүн бөлүнүп берилген 35,0 га жер тилкеси, «вело жана жөө жүрүүчүлөргө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн» бөлүнүп берилген 4 (төрт) чакырым жер тилкесин инвентаризациялоого тиешелүү чечимдерди кабыл алып берүү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинен аталган чечимдерди мыйзам чегинде бекитип берүүгө тиешелүү кат жолдомолорду жолдоп берүү жагы Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

6. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**